**Англис тили дисциплинасы боюнча дарылоо иши (560001) багытында окуган студенттердин баштапкы тил билүү деңгээлин аныктоо максатында жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы**

2022-жылдын 15-октябрындагы СГД кафедрасынын 3- жыйынында (№3 протокол) 1-курстун студенттеринен диагностикалык тест жүргүзүү боюнча токтомдун негизинде англис тилинен баштапкы тил билүү деңгээлин аныктоо максатында мониторинг жүргүзүлдү.

Диагностикалык тестирлоо 2022- жылдын 9-декабрында өткөрүлдү.

Англис тили дисциплинасынан студенттердин билимин баалоонун мониторингине 600 студенттен 566сы катышып,34 студент катышкан жок.

*(1-таблица)*

Англис тилинен B1, B2 денгээлиндеги тесттик суроолор гул формада даярдалып, берилди. Студенттердин билим деңгээли 100%дик өлчөм менен алганда, 67% көрсөттү.

Студенттердин көпчүлүк бөлүгү , дээрлик 33% ден жогору грамматикалык тапшырмаларга туура жооп бере алышкан эмес.

Тактап айтканда, англис тилинде сөз түркүмдөрүнө анын ичинде модалдык этиштерге, ат атоочторго, тактоочторго, сан атоочторго, сын атоочтон жана зат атоочтон турган сөз айкаштарын түзүүдө жана медициналык сөздүктөргө жооп берүүдө массалык түрдө каталарды кетиришкен.

Жыйынтыгында, англис тилин 1-курстун 33 % студенттери A2 денгээлинде билишет. *(2-таблица)*

Мониторингдин көрсөткүчү анализделинип, англис тили дисциплинасы боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилди:

1. Студенттерди (33%) B1 денгээлине жеткирүү үчүн англис тили дисциплинасынын грамматика жагынан алсыз экендиги эске алынып, англис тили сабагын жандандыруу жана атайын ийрим уюштуруу.

2. Студенттерди (49%) B1 денгээлинен, B2 денгээлине жеткирүү жана [illegible], эл аралык денгээлде анализ кылуу жана (case study) түрдүү көйгөйлөрдү чечүү жөндөмүн калыптандыруу жана медицина тармагына байланышкан (медициналык билим берүү, медициналык текшерүүнүн түрлөрү, эл аралык оорукана, статья жазуунун структурасы, конференцияда презентация жасоонун структурасы) билимдерин, көндүмдөрүн өркүндөтүүнү камсыздоо максатында кошумча сабактарды уюштуруу.

Сканировано с CamScanner